Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын, Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин алдындагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган К.13.22.653 педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Касмалиева Анаркан Сарыгуловна изденүүчү Минбаев Доорбай Абдиллаевичтин "Кыргыз улуттук спорттук күрөшү аркылуу окуучу жаштарды (12–14 жаштагыларды) патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык негиздери" аттуу темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден-соолукту чыңдоо жана адаптивдик дене тарбиянын теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган кандидаттык диссертациясы тууралуу расмий оппонентинин

## ПИКИРИ

**1. Тандалган теманын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий, мамлекеттик программалар менен байланышы.**

Учурда коомдогу жүрүп жаткан жаңылануу шарттарында, жаштарды тарбиялоо процессинде улуттук баалуулуктарды таанытуу менен, окуучуу өспүрүм-балдардын адеп-ахлактык тарбиясына, анын ичинде патриоттуулук сезимдеринин калаптандыруу абдан чоң мааниге ээ болгондугу талашсыз.

Окуучу жаштарды адеп - ахлактык баалуулуктарга, патриоттуулукка жана гуманизмге тарбиялоо – бүгүнкү күндө биздин мамлекеттибиздин алдында турган эң эле курч маселелердин бири. Руханий жана адеп-ахлактык билим берүү ар бир инсандын Кыргыз Республикасынын жарандык жана патриоттуулугун калыптандыруунун өзөгү болуп келет.

Учурда жаштар арасында улуттук адеп-ахлактык–патриоттуулук баалуулуктарына кош көңүл болгондугу, сергек жашоого болгон кайдыгерлиги, адеп-ахлактык билими, сезимдери жана көндүмдөрүнүн жоктугунан зордук-зомбулук фактылары коомдо орун алып жаткандыгын бирден бир себеби деген ойдобуз, бул маселеге жалпы жана кошумча билим берүү уюмдарында жетишеерлик көңүл бурбагандыгынан келип чыгат.

Ушул себептерден жаштарды адеп-ахлактык тарбиялоодо патриоттуулукту калыптандыруунун натыйжалуу каражаттарын жана жолдорун изденүү зарылчылыгы бул теманын актуалдуулугун далилдейт.

Диссертациялык изилдөө толук жогорку кесиптик билим берүү мамлекеттик стандарттарынын талаптарын ишке ашыруу студенттердин дене

ВХ № 116
4.12.2023-ж

тарбиясынын мазмунун процессуалдык камсыздоосуна тиешелүү илимий негизделген өзгөрүүлөрдү, анын ичинен студент жаштардын ден-соолугн чындоо жана адискөйлүк дене тарбиясын калыптандыруу боюнча ишмердүүлүктү өркүндөтүүнүн теориялык жана технологиялык аспектилерин иштеп чыгуу менен ийгиликтүү калыптанышына жана өнүгүусүнө керектүү болгон педагогикалык өбөлгөлөрдү аныктоого багытталган.

Диссертациялык иш Жалал-Абад шаарындагы К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин илим-изилдөө иштеринин 2010-2022 жылдагы планынын негизинде жогорку окуу жайлардын студенттердин ден соолугун чыңдоо жана адискөйлүк даярдыгынын калыптандыруу жана анын натыйжалуулугун жогорулатуу багытында жүргүзүлгөн илимий-изилдөө иштердин алкагында аткарылды.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, жүргүзүлгөн илимий изилдөө актуалдуу жана өз убагында аткарылгандыгы талашсыз.

**2. Диссертацияларга коюлган талаптардын алкагындагы илимий жыйынтыктар (илимий кызматкерлердин тиешелүү адистиктерине окумуштуулук даражаларды ыйгаруу жана паспорттунун эрежелеринин 10-пункту).**

2.1. Биринчи илимий натыйжа – кыргыз улуттук спорттук күрөшүнүн руханий, адеп–ахлактык, тарбиялык жана педагогикалык баалуулуктарын жаш күрөшчүлөрдүн дене-бой, акыл-эс жана адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүүдө колдонуу жаш күрөшчүлөрдүн көз карашын, спортко болгон мамилесин калыптандыруунун теориялык өбөлгөлөрү негизделген.

2.2. Экинчи илимий натыйжа - заманбап кыргыздын улуттук күрөшүнүн өзгөчөлүктөрүнүн жана баалуулуктарын бирдиктүү изилдөөнүн негизинде изилдөөнүн методологиясы түзүлүп, изилдөөнүн объекти, предмети жана ыкмаларын аныктоо менен жаш күрөшчүлөрдү патриоттуулукка тарбиялоого комплекстүү программасынын мазмуну, иш формалары, методдору жана баалоо критерийлери иштелип чыкты.

2.3. Үчүнчү илимий натыйжа – жаш күрөшчүлөрдү патриоттуулукка тарбиялоо комплекстүү программасы кыргыз улуттук спорттук күрөшүнүн руханий, адеп–ахлактык, тарбиялык жана педагогикалык баалуулуктарына негизделген жана спорттогу көрсөткүчтөрүн натыйжалуулугун жогорулатууга оң таасирин береери педагогикалык эксперименттин негизинде далилденген.

**3. Диссертацияда жазылган ар бир натыйжанын (илимий жоболордун), изденүүчүнүн тыянактарынын жана корутундуларынын негиздүүлүк жана аныктык даражасы.**

Биринчи илимий натыйжа жана тыянагы – жаш спортчулардын окуу-машыгуу процессине адептик–патриоттук сезимдеринин, патриоттуулук сапаттарын тарбиялоо кыргыз улуттук спорттук күрөшүнүн руханий, адеп–ахлактык жана педагогикалык баалуулуктарына негизделиши жалпы илимий педагогикалык проблемасы катары талдоого алынып, педагог-машыктыруучулардын патриоттулукту тарбиялоонун педагогикалык милдеттерин чечүүгө даярдыгы жетишсиз болгондугу аныкталган.

Экинчи илимий натыйжа жана тыянак жаш күрөшчүлөрдүн патриоттук сезимдерин натыйжалуу калыптандыруу багытталган тийиштүү мазмундагы иш формаларын, методдорунун бирдиктүүлүгүн камсыз кылуучу илимий-педагогикалык өбөлгөлөрү жана педагогикалык шарттарын негиздөө менен, патриоттуулуктун калыптануу деңгээлдери жана критерийлери аныкталган.

Үчүнчү илимий натыйжа диссертациялык иштин методологиясына негизделип, патриоттуулукка тарбиялоо комплекстүү программасы жаш күрөшчүлөрдүн патриоттук сезимдерин натыйжалуу калыптандырууга багыттуу иш формаларды жана методдорду коомдун талаптарын эске алуу менен колдонууну шарттайт. Программанын натыйжалуулугу эксперименталдык жол менен тастыкталган жана изилдөөнүн жыйынтыктарынын ишенимдүүлүгү менен аныкталып жалпы корутундусунда берилген.

**4. Диссертацияда түзүлгөн изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундуларынын жаңылык даражасы.**

4.1. Биринчи илимий натыйжа жана тыянак кыргыздын улуттук спорттук күрөшүнү менен машыккан жаш спортчуларды КР мыйзамдарын билүү, мамлекеттик символиканы таанып билүү, сыйлоо, коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөргө туура баа берүү алардын патриоттуулук аң-сезимдерин калыптандырууга, ата-мекенди сүйүгө жана коргоого даяр болуу патриоттуулук сапаттарын тарбиялоо окуу-машыгуу программасынын алкагындагы негизги иш чараларга, тарбиялоо методдорун колдонууга негизделет.

4.2. Экинчи илимий натыйжанын жана тыянактын жаңылык даражасы - патриоттулукка тарбиялоонун концептуалдык багыттары, изилдөөнүн объектиси жана предмети, кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча башталгыч спорттук топтогу жаш спортчуларды патриоттуулукка тарбиялоонун натыйжалуу формалары, методдору жана педагогикалык шарттарын аныктоодо. Диссертациялк иште патриоттуулукка тарбиялоонун атайын педагогикалык шарттары иштелип чыккан жана апробацияланган. Патриоттуулукка тарбиялангандыктын критерийлери жана маалыматтуу белгилеринин иштелип чыгуусу, өздүк изилдөө материалдарды топтоо, талдоо, жалпылоо методдорун

колдонуусу жана изилдөөнүн негизги максатына, милдеттерине дал келгенин тастыктайт.

4.3. Үчүнчү илимий натыйжанын жана корутундунун жаңылык даражасы - кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча машыккан жаш күрөшчүлөрдүн окутуу–машыгуу топтору үчүн иштелип чыккан комплекстүү программасы машыгуу сабактарын, мелдештерди жана бош убактыларындагы тарбиялык иш чаралын камтып келет жана жаш күрөшчүлөрдү окуу-машыгуу тарбиялоо процессинин жалпы системасында адепке, патриоттуулукка тарбиялоо, спорттук топтогу өз ара мамилелердин, Ата мекендин пайдасына болгон коп кырдуу турмуш ишмердүүлүгү жана анын алдындагы болгон жоопкерчилигин калыптанышына жана спорттогу көрсөткүчтөрүн жогорулатууга оң таасирин берет. Патриоттуулукка тарбиялоонун комплекстүү программасынын натыйжалуулугу, жаш күрөшчүлөрдүн адептик-патриоттуулугун олуттуу жогорулагандыгы, түзүлгөн патриоттуулук сезимдери спорттук жамааттын калыптануусуна, спорттук чеберчиликти жогорулатууга мумкүн болгону өткөрүлгөн педагогикалык эксперименттин натыйжалары менен тастыкталган.

**5. Алынган жыйынтыктардын, негизги жоболордун, тыянактардын жана корутундулардын ички биримдигин баалоо.**

Автор тарабынан илимий негизделген жаш спортчулардын патриоттуулукка тарбиялоонун илимий-педагогикалык жоболору менен алынган натыйжалардын ички биримдиги, диссертациялык иштин логикалык ырааттуулугу менен, эксперименталдык иштин жыйынтыктарын талдоо жана ар бир баптын өзүнчө жана жалпы корутундунун мазмунунда байкалат, коюлган милдеттер толук чечүүгө багытталганы менен айырмаланат. Илимий изилдөөнүн жыйынтыктары математикалык статистикалык жол менен талдоого алынганы жана логикалык биримдиги менен өзгөчөлөнүп мүнөздөлөт.

Диссертацияда берилген корутундулары жаңылык болуп саналат жана коргоого коюлган негизги жоболорду далилдейт. Алынган натыйжалар педагогика жана дене тарбиянын теориясы жана методикасы үчүн маанилүү болгон артыкчылыктуу илимий-практикалык маселелерди чечүүгө жана жаш күрөшчүлөрдүн камсыз кылууга өбөлгө түзөт.

**6. Басылмалардын жетиштүү толуктугун тастыктоо жана аларда негизги жоболорду, жыйынтыктарды жана тыянактарды чагылдыруу.**

Басылмалардын мазмуну диссертациялык иште коюлган милдеттерге ылайык келет жана бардык теориялык-педагогикалык жана тажрыйбалык-эксперименталдык материалдарды толук камтыйт. Диссертациянын негизги мазмуну бөлүмдөрүнө карата УАК № 10 беренесинин талабына ылайык автордун

12 илимий макаласы жарык көргөн. Алардын ичинен 3 макала РИНЦке катталган.

Изилдөөнүн жыйынтыктары эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда билдирилип, методикалык жана практикалык сунуштар иштелип чыккан.

**7. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкештиги.**

Автореферат 23 беттен турат, жалпы мүнөздөмөдөн, негизги мазмундан, тыянактардан, практикалык сунуштардан, диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмесинен турат, кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмелер берилген. Авторефераттын мазмуну диссертациялык иштин материалдарына дал келет.

**8. Диссертациянын мазмуну жана түзүлүшү боюнча кемчиликтер.**

8.1. Изилдөөнүн максатына карата 1 жана 3 милдетттерди түралап толуктоону сунуштайбыз:

- 2 милдет: Кыргыз улуттук спорттук күрөшүнүн руханий, адеп-ахлактык, педагогикалык жана патриоттуулук баалуулуктарын ачыктап көрсөтүү;
- 3 милдет: Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча башталгыч спорттук топтогу машыгуучуларды патриоттуулукка тарбиялоодогу эксперименталдык программаны иштеп чыгуу жана аны тажрыйбалык жол менен негиздөө.

8.2. Диссертациянын 1 бапын «Кыргыз улуттук күрөшүнүн руханий, адеп–ахлактык, педагогикалык жана патриоттук дөөлөттөрү» өзгөртүү бул иштин темасына ылайык келет деген ойдобуз.

8.3. Диссертацияда кездешкен бир нече терминдерди оңдоп-тууралоо зарыл: “нравалык” - “адеп-ахлактык”, “патриотизм” – “патриоттуулук”, “педагог-машыктыруучу”...

8.4. Эксперименттaлдык иштин баскычтарын, өткөрүлгөн мөөнөтүн диссертацияда жана авторефератта так белгилеп берүү керек.

8.5. Практикалык сунуштарга педагог-машыктыруучуларга жаш спортчулардын патриоттулукка тарбиялоонун колдонуу жолдорун так көрсөтүү зарыл: КР мыйзамдары жөнүндө билим, берүү, мыйзамдарды мамлекеттик символиканы билүү, сыйлоо, патриоттуулук аң-сезимдерин калыптандыруу, коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөргө туура баа берүү жана чечим чыгаруу ж.б.

8.5. Диссертациянын жана авторефераттын текстинде айрым стилистикалык жана техникалык каталар кездешет.

8.5. Автореферераттын кыргызча жана орусча варианттарында айрымачылыктар жана каталыктар байкалат.

Байкалган кемчиликтер аткарылган дисертациялык иштин актуалдуулугун жана баалулугун төмөндөтпөйт.

9. Минбаев Доорбай Абдиллаевичтин “Кыргыз улуттук спорттук күрөшү аркылуу окуучу жаштарды (12–14 жаштагыларды) патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык негиздери” аттуу темадагы диссертациясы жеке өзү тарабынан актуалдуу темада аткарылган илимий-изилдөө иши КР УАКнын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө” Жобосунун 10-пунктунун талаптарына жооп берет, ал эми автору 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден-соолукту чыңдоо жана адаптивдик дене тарбиянын теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Педагогика илимдерин кандидаты, доцент
Кыргыз-Түрк “Манас” Университетинин
спорт илимдери факультетинин ага окутуучусу А.С. Касмалиева

01.12.2023 ж.

А.С. Касмалиеванын колун тастыктайбыз Чокотбекова С.

жк. о.к